БЕКИТЕМ
Кыргыз Республикасынын
Саламаттык сактоо министрлигинин
алдындагы Дары каражаттары жана
медициналык буюмдар
департаментинин
директорунун орун басары
Кысанов Т.А. _____
«15» апрель 2024-ж.

ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

ПОЛИСОРБ МП

Дарынын соодадагы аталышы
Полисорб МП

Топтук аталышы
Коллоиддик кремний диоксиди

Дарынын түрү
Ичип кабыл алууга суспензияны даярдоо үчүн порошок

Курамы:
препараттын бир граммында төмөнкүлөр камтылат:
таасир берүүчү зат – коллоиддик кремний диоксиди 1,0 г

Сүрөттөмөсү
Жыты жок, жеңил ак же көгүш кошумча түстөгү порошок. Суу менен аралаштырып чайкаганда суспензия пайда болот.

Фармадарылык тобу
Тамак-аш сиңирүү жолу жана зат алмашуу. Диареяга каршы, ичегиде сезгенүүгө каршы/микробго каршы препараттар. Ичеги адсорбенттери.
АТХ коду: A07B

Фармакологиялык касиеттери
Полисорб МП – химиялык формуласы SiO2 менен, 0,09 мм чейинки өлчөмдөгү бөлүкчөлөрү бар жогорку дисперсиялык кремнеземдин негизиндеги, органикалык эмес, селективдүү эмес, көп функционалдуу энтеросорбент. Препараттын бетинин аянты болжол менен 300 $м^2$/г түзөт. Ичип кабыл алууда препараттын адсорбциясынын өлчөмү 220 мг/г дан кем эмес.

Фармакодинамикасы

Полисорб МП айкын сорбциялык жана детоксикациялык касиеттерге ээ. Ашказан-ичеги жолунун ичинде препарат организмден ар кандай табияттагы эндогендик жана экзогендик токсиндүү заттарды, ошондой эле патогендүү бактерияларды жана бактериялык токсиндерди, антигендерди, тамак-аш аллергендерин, дары каражаттарды жана ууларды, оор металлдардын туздарын, радионуклиддерди, алкоголду байланыштырат жана бөлүп чыгарат. Полисорб МП организмдеги зат алмашуунун кээ бир өндүрүмдөрүн да, ошондой эле билирубиндин, мочевинанын, холестериндин жана липиддик комплекстердин, ошондой эле эндогендик токсикоздун өрчүүсүнө жооптуу метаболиттердин ашык өлчөмүн сорбциялайт.

Фармакокинетикасы

Полисорб МП ашказан-ичеги жолунда ажырабайт жана сиңбейт, өзгөрбөгөн түрдө бөлүнүп чыгат.

Колдонууга көрсөтмөлөр

- Чоңдордо жана балдарда ар кандай себептен пайда болгон курч жана өнөкөт интоксикациялар;
- Бардык генездеги курч ичеги инфекциялары, анын ичинде тамак-аш токсикоинфекциялары, ошондой эле инфекциялык эмес ич өтүү синдрому, дисбактериоз (комплекстүү дарылоонун курамында);
- Айкын интоксикация менен коштолгон ириңдүү-септикалык оорулар;
- Күчтүү таасир берүүчү жана уулуу заттардан, ошондой эле дары каражаттардан жана алкоголдон, алкалоиддерден, оор металлдардын туздарынан ж.б. курч ууланууу;
- Тамак-аштан жана дарыдан аллергия;
- Гипербилирубинемия (вирустук гепатит жана башка сарыктар) жана гиперазотемия (өнөкөт бөйрөк алсыздыгы);
- Экологиясы жагымсыз аймактардын жашоочуларына жана зыяндуу өндүрүштөрдүн кызматкерлерине алдын ала чара көрүү максатында.

Колдонууга каршы көрсөтмөлөр

- Ашказан жана 12 эли ичегинин курчуу фазасындагы жара оорусу;
- Ашказан-ичеги жолунан кан агуу;
- Ичегинин атониясы;
- Препаратты жеке көтөрө албастык.

Кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгилинде колдонуу

Полисорб МП препаратын кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгилинде колдонуу каршы көрсөтүлгөн эмес.

Колдонуу жолу жана дозасы

Полисорб МП суулуу суспензия түрүндө гана ичке кабыл алынат!

Суспензияны алуу үчүн препараттын керектүү өлчөмүн 1/4 - 1/2 стакан сууга кылдаттык менен аралаштырышат. Препаратты ар бир кабыл алуунун алдында суспензияны жаңыдан

даярдоо сунушталат жана аны тамактанууга же башка дарыларды кабыл алууга 1 саат калганда ичүү керек. Чоңдорго орточо суткалык доза 1 кг дене салмагына 0,1-0,2 г түзөт (6-12 г).

Препарат суткасына 3-4 жолу кабыл алынат.

Чоңдор үчүн эң жогорку суткалык доза 1 кг дене салмагына 0,33 г түзөт (20 г).

Балдар үчүн дозасы дене салмагына жараша эсептелет (таблицаны караңыз).

Полисорб МП препаратынын сунушталган дозаларынын таблицасы

Бейтаптын салмагы	Дозалоо	Суунун көлөмү
10 кг чейин	Суткасына 0,5-1,5 чай кашык	30-50 мл
11-20 кг	1 жолу кабыл алууга 1 чай кашык «үймөгү жок»	30-50 мл
21-30 кг	1 жолу кабыл алууга 1 чай кашык «үймөгү менен»	50-70 мл
31-40 кг	1 жолу кабыл алууга 2 чай кашык «үймөгү менен»	70-100 мл
41-60 кг	1 жолу кабыл алууга 1 чоң кашык «үймөгү менен»	100 мл
60 кг дан ашык	1 жолу кабыл алууга 1-2 чоң кашык «үймөгү менен»	100-150 мл

1 чай кашык «үймөгү менен» - 1 грамм препарат

1 чоң кашык «үймөгү менен» - 2,5-3 грамм препарат.

Тамак-аш аллергиясы учурунда препарат түздөн-түз тамактануунун алдында кабыл алынат, Полисорб МП суткалык дозасын үч жолу кабыл алууга бөлүнөт.

Дарылоонун созулуу убактысы диагнозго жана оорунун оордугуна жараша болот, курч учурларда дарылоо курсу 3-5 күн; аллергиялык ооруларда, өнөкөт интоксикацияларда дарылоонун созулуу убактысы 10-14 күнгө чейин. Кайталоо курстары 2-3 жумадан кийин, дарыгердин сунуштоосу боюнча жүргүзүлөт.

Ар кандай ооруларда Полисорб МП препаратын колдонуунун өзгөчөлүктөрү

1. *Тамак-аш токсикоинфекциясы жана курч ууланууу*

Дарылоону Полисорб МП 0,5-1 % суспензиясы менен ашказанды тазалоодон баштоо сунушталат. Катуу ууланууунун алгачкы суткаларында ашказанды зонд аркылуу ар бир 4-6 саат сайын жүргүзүшөт, аны менен катар препарат ичке берилет. Чоңдордо бир жолку доза күнүнө 2-3 жолу бейтаптын кг дене салмагына 0,1-0,15 г түзүшү мүмкүн.

2. *Курч ичеги инфекциялары*

Полисорб МП препараты менен дарылоону оорунун алгачкы сааттарында же суткаларында дарылоонун башка ыкмалары менен айкалышта баштоо сунушталат. Алгачкы суткаларда суткалык доза 5 саат бою 1 сааттык тыныгуу убакыт аралыгы менен берилет. 2-суткаларда суткалык доза суткасына 4 жолу кабыл алууга берилет. Дарылоонун созулуу убактысы 3-5 күн.

3. *Вирустук гепатитти дарылоо*

Вирустук гепатитти комплекстүү дарылоодо Полисорб МП детоксикациялоочу каражат катары кадимки дозаларда оорунун алгачкы 7-10 күнүндө колдонулат.

4. *Аллергиялык оорулар*

Дарыдан же тамак-аштан курч аллергиялык реакциялар пайда болгон учурда ашказанды жана ичегини алдын ала Полисорб МП 0,5- 1 % суспензиясы менен тазалоо сунушталат.

Андан кийин препаратты кадимки дозаларда клиникалык таасир башталганга чейин беришет. Өнөкөт тамак-аш аллергияларында Полисорб МП 7-10-15 күндүк курстары сунушталат, препарат түздөн-түз тамактануунун алдында кабыл алынат. Ушуга окшогон курстар курч кайталанган бөрү жатышта жана Квинке шишимигинде, эозинофилияда, поллиноздордун жана башка атопиялардын курчушунун фонунда көрсөтүлгөн.

5. *Өнөкөт бөйрөк алсыздыгы.* 2-3 жумалык тыныгуу убакыт аралыгы менен 25-30 күн ичинде кг дене салмагына 0,15-0,2 г суткалык дозада Полисорб МП препаратынын дарылоо курстары колдонулат.

Кыйыр таасирлер

Сейрек – аллергиялык реакциялар, диспепсия, ич катуулар.

Полисорб МП узак убакыт бою 14 күндөн ашык кабыл алууда витаминдердин, кальцийдин сиңирилүүсү бузулушу мүмкүн, мындан улам алдын ала чара көрүү үчүн көп витаминдүү препараттарды, кальцийди кабыл алуу сунушталат.

Ашыкча доза

Полисорб МП препаратын сунушталган дарылык дозаларда колдонууда ашыкча дозалануу учурлары аныкталган эмес.

Башка дары каражаттары менен өз ара таасири

Чогу ичип кабыл алынып жаткан дарылардын таасири төмөндөшү мүмкүн.

Унаа каражаттарды жана механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө таасир берүүсү

Полисорб МП препаратынын унаа каражаттарды же башка потенциалдык кооптуу механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө таасир берүүсү белгиленген эмес.

Чыгаруу формасы

Ичип кабыл алуу үчүн суспензияны даярдоого порошок.

Термо катмары менен этикеткалык кагаздан турган бир жолу колдонулуучу баштыкчаларда 3 г дан. Бир жолу колдонулуучу 10 дон баштыкча мамлекеттик жана орус тилдериндеги колдонуу боюнча нускамалары менен чогуу картон кутучага салынат. Бир жолу колдонулуучу баштыкчаларды түздөн-түз топтук таңгакка салууга болот, нускамалары баштыкчалардын санына жараша салынат.

Полистиролдон же полиэтиленден, же полиэтилентерефталаттан турган, ошол эле материалдардан жасалган капкакчалар менен жабылган, биринчи ачууну көзөмөлдөгөн банкаларга 12/25/50 г дан.

Банкага этикеткалык же жазыла турган этикетканы, же кагаздан же пленкадан турган өзү үчапталган этикетканы чапташат. Банкаларды кутучага таңгакташат же 3 - 20 даанадан жылуулуктун жардамы менен таңгактоочу пленкага таңгакташат, мамлекеттик жана орус тилдериндеги колдонуу боюнча нускамаларды банкалардын санына жараша салышат.

Же болбосо банкага кагаздан же пленкадан турган татаал этикетканы чапташат, анын бир бөлүгү гана көтөрүүгө мүмкүнчүлүк берген банкага атайын жабыша турган лента менен чапталат. Колдонуу боюнча нускаманы татаал этикетканын кыймылдай турган бөлүгүнүн

алдына жайгаштырышат, же татаал этикетканын ички бөлүгүнө түшүрүшөт. Банкаларды 3 - 20 даанадан жылуулуктун жардамы менен таңгактоочу пленкага таңгакташат.
Же болбосо банкага кагаздан же пленкадан турган татаал этикетка чапталат, анын бир бөлүгү гана көтөрүүгө мүмкүнчүлүк берген банкага атайын жабыша турган лентага чапталат. Колдонуу боюнча нускаманы татаал этикетканын кыймылдай турган бөлүгүнүн алдына жайгаштырышат, же татаал этикетканын ички бөлүгүнө түшүрүшөт. Банкаларды 3 - 20 даанадан жылуулуктун жардамы менен таңгактоочу пленкага таңгакташат, мамлекеттик тилде колдонуу боюнча нускаманы банкалардын санына жараша салышат.

Жарактуулук мөөнөтү
5 жыл.
Жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонууга болбойт.

Сактоо шарты
30°С дан жогору эмес аба табында сактоо керек.
Таңгакты ачкандан кийин тыгыз жабылган идиште сактоо керек.
Суспензияны сактоо мөөнөтү 48 сааттан көп эмес.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек.

Берүү шарты
Рецепти жок.

Дары препаратынын өндүрүүчүсүнүн өндүргөн аянтынын аталышы жана дареги
«Полисорб» АК,
Россия, 456652, Челябинск обл., Копейск ш., Томск көч., 14-үй тел.:
8-800-100-19-89
Тел./факс: (351) 778-51-26

Каттоо күбөлүгүнүн ээсинин же кармоочусунун ыйгарым укугу берилген уюмдун аталышы, дареги
«Полисорб» АК,
Россия, 456652, Челябинск обл., Копейск ш., Томск көч., 14-үй тел.:
8-800-100-19-89
Тел./факс: (351) 778-51-26

Керектөөчүлөрдөн КР аймагында арыз-доолорду кабыл алган уюм
АИУ “Фармакологиялык көзөмөлдөөнүн улуттук илимий борбору” 105005, Россия, Москва ш., Бауманская көч., 6-үй, 2-курулуш, 9-кабат, 923-кеңсе.
Телефон: 8 800 777-86-04, +7 499 504-15-19
Электрондук дареги: kyrgyzstan@drugsafety.ru, adversereaction@drugsafety.ru